КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2023-2024-окуу жылынын Базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндө БУЙРУГУ

01.08.2023-ж., №4807/1

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 «Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө» токтомуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясынын 2023-жылдын 3-июлундагы №7/1 чечиминин негизинде жалпы билим берүү уюмдарында окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу жана өткөрүү максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2023-2024-окуу жылынын Базистик окуу пландары тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Райондук жана шаардык билим берүү башкармалыктарына жана бөлүмдөрү түрлөрүнө жана таандык формаларына карабастан республикадагы бардык жалпы билим берүү уюмдарында бекитилген Базистик окуу пландарынын ишке ашырылышын камсыз кылышсын.

3. Ушул буйрукту «Кут Билим» коомдук-педагогикалык газетасынын редакциясы (К.Чекиров) расмий жарыяласын.

4. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Мектептеги жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгына (К.К.Акматов) тапшырылсын.

Министр К.К.ИМАНАЛИЕВ

ПРИКАЗ МИНИСТЕРСТВА ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Об утверждении Базисных учебных планов на 2023-2024 учебный год для общеобразовательных организаций Кыргызской Республики

01.08.2023 г., №4807/1

В целях организации и проведения учебно-воспитательного процесса в общеобразовательных организациях в соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Государственного образовательного стандарта школьного общего образования Кыргызской Республики» от 22 июля 2022 года №393 и на основании решения коллегии Министерства образования и науки Кыргызской Республики от 3 июля 2023 года №7/1 **приказываю:**

1. Утвердить Базисные учебные планы на 2023-2024 учебный год для общеобразовательных организаций Кыргызской Республики согласно приложению.

2. Районным и городским управлениям и отделам образования обеспечить реализацию утвержденных Базисных учебных планов в общеобразовательных организациях республики независимо от их типов и форм собственности.

3. Редакции общественно-педагогической газеты «Кут Билим» (К.Чекиров) обеспечить официальное опубликование данного приказа.

4. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на Управление школьного и внешкольного образования (К.К.Акматов).

Министр К.К.ИМАНАЛИЕВ

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2023-2024-окуу жылынын Базистик окуу пландарына

ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн Базистик окуу пландары Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюмдарында окутуу шарттарына жана уюштурулушуна коюлган санитардык-эпидемиологиялык талаптарга. (6-тиркеме), ошондой эле билим берүү тармагындагы Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларга ылайык иштелип чыккан.

Эрте жаштагы балдардын психологиялык-педагогикалык даярдыгын жогорулатуу жана аларды жалпы билим берүү мектепте окутууга социалдык жактан көндүрүү максатында мектепке чейинки билим берүү уюмдарына барбаган балдарды 480 сааттык «Наристе» программасы боюнча мектепке чейинки даярдоо жүргүзүлөт.

Базистик окуу планы менен негизги жалпы билим берүү программаларын 11 жылдык ченемдик мөөнөттө өздөштүрүү каралат, анын ичинен:

- I-баскычта (башталгыч жалпы билим берүү) – 4 жыл;
- II-баскычта (негизги жалпы билим берүү) – 5 жыл;
- III-баскычта (орто жалпы билим берүү) – 2 жыл.

Базистик окуу планы башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн окуу предметтеринин тизмесин жана окуучулардын жашына жараша өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуу окуу жүктөмүнүн көлөмдөрүн белгилейт, окутуу-тарбиялоо процессин уюштуруу жана өткөрүү талаптарын ишке ашырат.

Базистик окуу пландары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары – Министрлик) сунуштаган негизги жалпы билим берүүнүн программаларын жана окуу-методикалык комплекстерди колдонууну камсыздайт.

Базистик окуу планы **беш күндүк окуу жумасындагы** окуучулардын класстар боюнча жумалык жана чектелген окуу жүктөмүнүн төмөнкү көлөмүн белгилейт:

Класстар	1	2	3	4	5	6	7	8	9	10	11
Жумалык окуу жүктөмү	21	23	23	23	28	29	30	30	30	30	30
Чектелген окуу жүктөмү	21	23	23	23	29	30	32	33	33	34	34

Ар бир класстагы чектелген окуу жүктөмү уруксат берилген максималдуу жүктөм болуп эсептелет жана өзгөртүүгө жол берилбейт.

Мамлекеттик компонент (инварианттык) базистик окуу планынын базалык бөлүгүн түзүп, Кыргыз Республикасынын аймагында бирдиктүү мектептик билим берүү мейкиндигин камсыз кылат жана бардык жалпы билим берүү уюмдарына түрлөрү менен таандык тариздерине карабастан милдеттүү болуп эсептелинет.

Мамлекеттик компонент окуучуларды жалпы билимге даярдоонун базалык деңгээлин өздөштүрүүгө, активдүү турмуштук көз караштагы инсанды калыптандыруу үчүн аларды улуттук жана жалпы инсандык баалуулуктарга тартууга кепилдик берет.

Башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтүн кыскартууга жана мамлекеттик компоненттин предметтерине чегерилген окуу сааттарын башка предметтерди окутууга өткөрүп берүүгө жол берилбейт.

Базистик окуу планынын мектептик компоненти (вариативдик) жалпы билим берүү уюмунун билим берүү багытын (өзгөчөлүгүн) чагылдырат жана окуучулар менен алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдашылган керектөөлөрүн жана жөндөмдүүлүгүн туюнтат.

Мектептик компонент мамлекеттик компоненттеги предметтерди тереңдетип окутуу боюнча окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) социалдык буйрутмасын ишке ашырат жана жалпы билим берүү уюму тарабынан өз алдынча иштелип чыгат.

«Тандоо боюнча предметтер» компоненти (вариативдик) – бул гимназиялардын/лицейлердин багыттарын аныктаган жана окуучуларга тандап алууга милдеттүү түрдө сунуштаган предметтер же элективдик, профилдик курстар. Окуучулар окуу үчүн чектелген жумалык окуу жүктөмдүн көлөмүнөн ашпаган окуу жүктөмдөгү предметтерди тандап алышат.

Базистик окуу планындагы предметтер төмөнкү билим берүү тармактарына бөлүнөт: филологиялык, социалдык, математикалык, табигый-илимий, искусство жана технология, ден соолук маданияты.

«Кыргыз тили», «Орус тили», «Өзбек тили» жана «Тажик тили» предметтери эне тилдери катары 1-класстан баштап, 11-класска чейин окутулат. «Кыргыз тили», «Орус тили» предметтеринин кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептерде экинчи тил катары окутуу үчүн аныкталган окуу сааттарынын саны конкреттүү жалпы билим берүү уюмунун окутуу тилине байланыштуу болот.

«Кыргыз адабияты» предметин кыргыз тилинде окутуучу мектептердин 5-8-класстарында окутууга жумасына 2 сааттан, 9-11-класстарында жумасына 3 сааттан бөлүнгөн. «Кыргыз адабияты» предметин орус тилинде окуткан мектептердин 5-11-класстарында окутууга жумасына 1 сааттан бөлүнгөн.

«Орус адабияты» предметин орус тилинде окуткан мектептердин 5-9-класстарында окутууга жумасына 2 сааттан, 10-11-класстарына жумасына 3 сааттан бөлүнгөн. «Орус адабияты» предметин кыргыз тилинде окуткан мектептердин 5-, 6-, 8-класстарында окутууга жумасына 1 сааттан, 7-, 9-11-класстарына жумасына 2 сааттан бөлүнгөн.

«Кыргыз адабияты» жана «Орус адабияты» предметтерин өзбек/тажик тилдеринде окуткан мектептердин 5-11-класстарында окутууга жумасына 1 сааттан бөлүнгөн.

«Өзбек/Тажик адабияты» предметтерин өзбек/тажик тилдеринде окуткан мектептердин 5-класстарында окутууга жумасына 2 сааттан, 6-11-класстарына жумасына 1 сааттан бөлүнгөн.

Чет тили 3-класстан баштап 11-класска чейин окутулат. Кыргыз жана орус тилдеринде окуткан мектептердин 3-4, 7-11-класстары үчүн чет тилди окутууга жумасына 2 сааттан, 5-6-класстарына жумасына 3 сааттан бөлүнгөн. Өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептердин 3-7-класстары үчүн чет тилди окутууга жумасына 2 сааттан, 8-11-класстарына жумасына 1 сааттан бөлүнгөн.

Өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептерде чет тилин окутуу ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүү аркылуу көбөйтүлүшү мүмкүн.

«Тарых» предмети 5-класстан 11-класска чейин жумасына 2 саат менен окутулат. «Кыргызстан тарыхы» жана «Дүйнөлүк тарых» курстары ырааттуу бир предмет катары окутулат жана класстык журналда «Тарых» деген жалпы аталышы жазылат. 9 жана 11-класстардын бүтүрүүчүлөрү «Кыргызстан тарыхы» предметинен мамлекеттик экзамен тапшырышат.

2023-2024-окуу жылында «Адам жана коом» предмети 7 жана 8-класстарга киргизилет. Ошентип, «Адам жана коом» предмети 5-класстан баштап 11-класска чейин жумасына 1 саат менен Министрликтин 2022-жылдын 19-сентябрындагы №1829/1 буйругу менен бекитилген предметтик стандарттын негизинде окутулат. Окутуу концентрдик принцип боюнча жүргүзүлүп, анын мазмундук линиялары үч контекстте ачылат: жеке (окуучунун өзү, анын үй-бүлөөсү, достору), социалдык (жергиликтүү, социалдык чөйрө), глобалдык (дүйнөлүк коомчулуктун жашоосуна катышуу).

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 7-июнундагы №177 Жарлыгына ылайык дин таануу билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жана өсүп келе жаткан муундун арасында диндер боюнча сабаттуулукту жогорулатуу максатында 2023-2024-окуу жылынан баштап 7-8-класстарга «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети киргизилип, аны окутууга жумасына 1 сааттан бөлүнгөн. «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети Министрликтин 2022-жылдын 19-сентябрындагы №1829/1 буйругу менен бекитилген предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккан билим берүү программасы жана окуу-методикалык комплекси боюнча окутулуп, аны Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан текшерүүдөн өткөн теологдор жана «Тарых» предметинин мугалимдери окутуушат.

«Математика» предмети 1-класстан 6-класска чейин окутулат. 7-11-класстарда «Алгебра» жана «Геометрия» предметтери боюнча сабактар өзүнчө өтүлүп, класстык журналда өзүнчө жазылат. 7-11-класстарда «Алгебра» жана «Геометрия» предметтери боюнча окуу сааттарын жарым жылдыкка бөлүштүрүү бул предметтер боюнча билим берүү программаларынын айрым темалары боюнча сааттык жүктөмдү координациялоого мүмкүнчүлүк берет.

«Мен жана дүйнө» интегрияланган предмети 1-4-класстарда жумасына 2 саат менен окутулуп, ал башталгыч класстардын окуучуларынын дүйнөгө өз ара байланышкан бирдиктүү бүтүндүк катары болгон көз карашын, «жаратылыш – коом – адам» системасындагы дүйнөгө жана жашоого болгон баалуу мамилесин калыптандырууга багытталган.

«Табият таануу» интегрияланган предмети 5-класста жумасына 2 саат Министрликтин 2022-жылдын 19-сентябрындагы №1829/1 буйругу менен бекитилген предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккан билим берүү программасы боюнча окутулат. «Табият таануу» интегрияланган предметинин мазмуну жашыл экономика, климаттын өзгөрүүсү жана туруктуу өнүгүү маселелерин камтыйт. «Табият таануу» предмети табият таануу сабаттуулугун калыптандырууга багытталган жана негизги менен орто мектептин төмөнкү предметтери үчүн – биология, география, физика, химия жана астрономия, ошондой эле «Адам жана коом» (ден соолуктун маданиятынын жана жашоонун коопсуздугунун табият таануу негиздерин үйрөнүү жагынан) пропедевтика болуп саналат.

«Биология» жана «География» предметтерин 6-9-класстарда окутууга жумасына 2 сааттан, 10-11-класстарга жумасына 1 саат бөлүнөт.

«Физика» предметин 7-9-класстарда окутууга жумасына 2 сааттан, 10-класска жумасына 3 саат бөлүнгөн. «Физика. Астрономия» интеграцияланган предмет катары 11-класста жумасына 3 саат менен окутулат жана класстык журналда «Физика. Астрономия» деген жалпы аталышы жазылат.

«Химия» предметин 8-11-класстарда окутууга жумасына 2 саат бөлүнөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы №336 токтомунун 1-тиркемесинин 3-пунктуна ылайык «лаборант» кызмат орду 7-11-класстарда жабдылган лабораториялар болгон учурда киргизилет» деп аныкталган. Лаборант адиси жок учурда, анын кызматтык милдеттерин аткаруу табигый-илимий тармактын тийиштүү предметинин мугалимине жүктөлөт.

«Информатика» предметин 5-7-, 9-класстарда жумасына 1 сааттар менен, 8-класста жумасына 2 саат менен окутулат.

«Технология» (эмгекке үйрөтүү, чийме жана дизайн) интеграцияланган предмети 5, 6, 8, 9-класстарда – жумасына 1 сааттар менен, 7-класста - экинчи жарым жылдыкта жумасына 1 саат менен окутулат.

«Көркөм өнөр» предмети 1-класстан 7-класска чейин окутулат: 1-4-класстарда жумасына 2 саат менен, 5-, 6-класстарда жумасына 1 сааттар менен жана 7-класста – биринчи жарым жылдыгында жумасына 1 саат менен.

«Музыка» предметин 1-2-класстарда окутууга жумасына 2 сааттан, 3-7-класстарда жумасына 1 сааттан бөлүнгөн. «Музыка» предметин окутууга музыкалык багытында адистиги бар мугалимдер тартылат, ал эми адис жок учурда милдеттери башталгыч класстын мугалимине жүктөлөт.

«Дене тарбия» предметин 1-11-класстарда окутууга жумасына 2 сааттан бөлүнгөн.

«Аскерге чейинки даярдоо» предметине бөлүнгөн сааттардын эсебинен апрель-май айларында үч күн аралыгында (18 саат) 11-класстарынын окуучу балдары үчүн талаа-окуулары, ал эми 11-класстардын окуучу кыздары үчүн дарылоо мекемелеринде медициналык-санитардык даярдоо (18 саат) боюнча тажрыйбалык сабактар өткөрүлөт.

Төмөнкү предметтер боюнча сабактарды өткөрүүдө класстар 2 тайпага бөлүнөт:

- «Кыргыз тили» предметин орус, өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептерде окутууда; «Орус тили» предметин кыргыз, өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептерде окутууда, ошондой эле чет тилин окутууда – 1-9-класстарда окуучулардын топтолушу 30 жана андан ашык болсо, 10-11-класстарда окуучулардын топтолушу 25 жана андан ашык болсо;
- «Информатика» предметин 5-9-класстарда окутууда окуучулардын саны 25 же андан ашык болсо;
- «Технология» (эмгекке үйрөтүү, чийме жана дизайн) предметин 5-9-класстарда окутууда окуучулардын саны 30 же андан ашык болсо;
- мектеп-гимназияларда жана мектеп-лицейлерде жогоруда аталган предметтер боюнча класстар төмөнкүдөй топтолгондо: II баскычтын класстарында 25 же андан ашык окуучу болсо, III баскычтын класстарында 20 же андан ашык окуучу болсо тайпаларга бөлүштүрүлөт.

Жалпы билим берүү программалардын өздөштүрүлүшү кезектеги контролдоо менен коштолот. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын 52-54-пункттарына ылайык окуу программасынын мазмунун (күтүлүүчү натыйжаларды) өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо диагностикалык, формативдик жана суммативдик түрлөрдө өткөрүлөт.

Диагностикалык баалоо окуучунун деңгээлин аныктоо үчүн окуу процессинин башталышында өткөрүлөт.

Формативдик баалоо – класста оозеки сурамжылоо, жазуу иши, тест жана байкоо аркылуу жүргүзүлүп, үзгүлтүксүз кайтарым байланыш камсыздалат. Мугалим окуу процессин өз убагында түзөйт, окуучулардын мүмкүн болуучу кемчиликтерин жана жетишпегендиктерин жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоого чейин четтетет.

Суммативдик баалоо окуу программаларынын окутуу блогунун/өткөн темалардын аягында жыйынтыктоочу бааларды коюу менен өткөрүлөт.

Суммативдик баалоо мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык өткөрүлөт жана учурда иштеп жаткан ченемдерге жана критерийлерге жараша аткарылат.

Жалпы билим берүү уюмдарында тарбиялоо иштери Кыргыз Республикасынын Президентин 2021-жылдын 29-январындагы №1 «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 “2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндө» токтомуна ылайык класстык жана классган тышкаркы иш-чаралар аркылуу жүргүзүлөт.

Уюштуруу иш-чаралары:

Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын 26-пунктуна ылайык түрлөрүнө жана менчиктик таризине карабастан бардык жалпы билим берүү уюмдарында беш күндүк окуу жумалыгы орнотулат.

Мектеп-гимназиялар жана мектеп-лицейлер «Тандоо боюнча предмети» компонентин ишке ашырып жатканды-гын эске алуу менен жумалык окуу жүктөмү 30 окуу сааттан ашкан учурда аларды сабактардан кийин же жуманын алтынчы күнүндө окутууга жол берилет.

Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын 58- жана 59-пункттарына ылайык 1-2-класстарда окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо белги койбостон, сапаттык жана сыпаттоо ыкмаларын колдонуу менен жүргүзүлөт. 3-класстан баштап баалоо белгилерин коюу киргизилет жана сапаттык менен сыпаттоо ыкмаларын колдонууга да мүмкүнчүлүк берилет.

Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү мектептеринде базистик окуу планынын мамлекеттик жана мектептик компоненттерин ишке ашыруу республикалык бюджеттин эсебинен каржыланат.

Мектеп-гимназияларда (5-11-класстар) жана мектеп-лицейлеринде (8-11-класстар) мектептик компоненти жана «Тандоо үчүн предметтер» компоненти Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы №336 токтомуна ылайык ийримдин жетекчилерине каралган ставкалардын эсебинен каржыланат. Аталган токтомдо «Мектеп-лицейлердин (8-11-класстар) жана мектеп-гимназиялардын (5-11-класстар) сметаларында, тийиштүү шарттар камсыздалган жана санитардык-гигиеналык талаптар сакталган учурда ар бир комплект класска ийримдерди, клубдарды, студияларды, бирикмелерди уюштуруу үчүн ийримдин жетекчисинин бирден ашык эмес ставкасы; лицейдик класстардагы айрым лекцияларга, циклдерге, курстарга жогорку квалификациясы бар адистер менен түзүлгөн келишимдин негизинде – ийримдин жетекчисинин 0,5тен ашпаган ставкасы каралат» деп бекитилген.

Жалпы билим берүү уюмдары базистик окуу планынан тышкары предметтерин тереңдетип окутуу үчүн ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен окуучуларга кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө укуктуу. Кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын бааларынын прейскуранты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарын каржылоонун жан башына принцибине которуу жөнүндө» токтомуна ылайык жыл сайын Министрликтин буйругу менен бекитилет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы №336 «Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жөнүндөгү» токтомуна ылайык жалпы билим берүү уюмдарынын штаттык бирдиктери (ставкалары) окуучуларынын санына жараша болот.

Түрлөрү жана таандык тариздерине карабастан бардык жалпы билим берүү уюмдарында 2023-2024-окуу жылын баштоо жана аяктоо мөөнөттөрү, ошондой эле 2023-2024-окуу жылындагы мектептик каникулдардын графиги жөнүндө маалымат кошумча берилет.

Сабактын узактыгы 1-класста – 40 минутаны, 2-11-класстарда – 45 минутаны түзөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге (11-бөлүк) ылайык окуу-тарбиялоо процессин уюштурууда төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

- сабактар 8:00 сааттан эрте башталбайт;
- эки сменада иштеген жалпы билим берүүчү мектептердин 1-, 5-, 9-, 11-класстарында жана компенсацияланган окутуучу класстарда окутуу биринчи сменада уюштурулушу керек;
- бардык предметтер боюнча үй тапшырмалардын көлөмү аны аткарууга кеткен убакыттан ашпагандай болушу керек (астрономиялык сааттарда): 2-3-класстарда – 1,5 саат, 4-5-класстарда – 2 саат, 6-8-класстарда – 2,5 саат, 9-11-класстарда – 3,5 саатка чейин;
- жалпы билим берүү уюмдарында сабактардын жүгүртмөсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 «Жалпы билим берүү уюмдарында окутуунун шарттарына жана уюштуруусуна карата санитардык-эпидемиологиялык талаптары жөнүндө» токтомунун №6 тиркемесиндеги 164-169-пункттарга ылайык түзүлөт.

Окуу процесси жүрүп жаткан кезде окуучуларды айылчарба иштерине тартууга тыюу салынат.

2023-2024-окуу жылына карата Базистик окуу пландарынын негизинде даярдалган мамлекеттик/муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарынын окуу пландары тийиштүү райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү менен макулдашылат.

Мамлекеттик эмес жалпы билим берүү уюмдарынын, республиканын карамагындагы жалпы билим берүү уюмдарынын жана кесиптик окуу жайларына караштуу жалпы билим берүү уюмдарынын 2023-2024-окуу жылына карата Базистик окуу пландарынын негизинде даярдалган окуу пландары Министрлик менен 2023-жылдын 25-августуна чейин макулдашылат.

ПОЯСНИТЕЛЬНАЯ ЗАПИСКА

к Базисным учебным планам на 2023-2024 учебный год для общеобразовательных организаций Кыргызской Республики

Базисные учебные планы для общеобразовательных организаций Кыргызской Республики разработаны в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об образовании», Государственным образовательным стандартом среднего общего образования Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 22 июля 2022 года №393, «Санитарно-эпидемиологическими требованиями к условиям и организации обучения в общеобразовательных организациях (приложение 6), утвержденными постановлением Правительства Кыргызской Республики от 11 апреля 2016 года №201, а также другими нормативными правовыми актами Кыргызской Республики в области образования.

В целях повышения психолого-педагогической готовности детей раннего возраста и их дальнейшей социальной адаптации к обучению в общеобразовательной школе проводится предшкольная подготовка по 480-часовой программе «Нариste» детей, не посещающих дошкольные организации.

Базисный учебный план рассчитан на 11-летний нормативный срок освоения основных общеобразовательных программ, из них:

- в I ступени (начальное общее образование) – 4 года;
- во II ступени (основное общее образование) – 5 лет;
- в III ступени (среднее общее образование) – 2 года.

Базисный учебный план устанавливает по начальному общему, основному общему и среднему общему образованию перечень учебных предметов и объемы учебной нагрузки обучающихся в соответствии с их возрастными особенностями, реализует требования к организации и проведению учебно-воспитательного процесса.

Базисные учебные планы обеспечивают использование основных общеобразовательных программ и учебно-методических комплексов, рекомендумых Министерством образования и науки Кыргызской Республики (далее – Министерство).

Базисный учебный план фиксирует по классам недельную и предельную учебную нагрузку обучающихся в следующем объеме **при пятидневной учебной неделе:**

Классы	1	2	3	4	5	6	7	8	9	10	11
Недельная учебная нагрузка	21	23	23	23	28	29	30	30	30	30	30
Предельная учебная нагрузка	21	23	23	23	29	30	32	33	33	34	34

Предельная учебная нагрузка в каждом классе является максимально допустимой нагрузкой и не подлежит изменению.

Государственный компонент (инвариантный) образует базовую часть Базисного учебного плана, обеспечивает единое школьное образовательное пространство на территории Кыргызской Республики и является обязательным для всех общеобразовательных организаций независимо от их типов и форм собственности.

Государственный компонент гарантирует освоение обучающимися базового уровня общеобразовательной подготовки, приобщение их к национальным и общечеловеческим ценностям для развития личности с активной жизненной позицией.

Сокращение нормативного срока освоения основных общеобразовательных программ начального общего, основного общего и среднего общего образования и передача учебных часов, определенных для предметов государственного компонента, на изучение других предметов не допускается.

Школьный компонент (вариативный) Базисного учебного плана отражает образовательное направление (особенность) общеобразовательной организации и выражает согласованные потребности и способности обучающихся и их родителей (законных представителей).

Школьный компонент реализует социальный заказ обучающихся и их родителей (законных представителей) в углубленном изучении предметов государственного компонента

и разрабатывается самостоятельно общеобразовательной организацией.

Компонент «Предметы по выбору» (вариативный) – это предметы или элективные, профильные курсы, определяющие направления гимназий/лицеев, предоставляемые в обязательном порядке на выбор обучающимся. Обучающиеся выбирают для изучения предметы, учебная нагрузка по которым не должна превышать предельно допустимую недельную нагрузку.

Предметы в Базисном учебном плане распределены по следующим образовательным областям: филологическая, социальная, математическая, естественно-научная, искусство и технология, культура здоровья.

Предметы «Кыргызский язык», «Русский язык», «Узбекский язык» и «Таджикский язык», как родные языки, изучаются с 1 по 11 классы. Количество учебных часов, определенных на изучение «Кыргызского языка», «Русского языка», как второго в школах с кыргызским, русским, узбекским и таджикским языками обучения, зависит от языка обучения в конкретной общеобразовательной организации.

На изучение предмета «Кыргызская литература» в школах с кыргызским языком обучения в 5-8 классах выделено по 2 часа в неделю, в 9-11 классах – по 3 часа в неделю. На изучение предмета «Кыргызская литература» в 5-11 классах школ с русским, узбекским и таджикским языками обучения выделяется по 1 часу в неделю.

На изучение предмета «Русская литература» в 5-9 классах школ с русским языком обучения отведено по 2 часа в неделю, в 10, 11 классах – по 3 часа в неделю. На изучение предмета «Русская литература» в 5, 6, 8 классах школ с кыргызским языком обучения выделено по 1 часу в неделю, в 7, 9-11 классах – по 2 часа в неделю.

На изучение предметов «Кыргызская литература» и «Русская литература» в 5-11 классах школ с узбекским и таджикским языками обучения отведено по 1 часу в неделю.

На изучение предметов «Узбекская/Таджикская литература» в 5 классах школ с узбекским/таджикским языками обучения выделено 2 часа в неделю, в 6-11 классах – по 1 часу в неделю.

Изучение иностранного языка проводится с 3 по 11 классы. В школах с кыргызским и русским языками обучения на изучение иностранного языка для 3-4, 7-11 классов выделено по 2 часа в неделю, в 5-6 классах - по 3 часа в неделю.

В школах с узбекским/таджикским языками обучения на изучение иностранного языка для 3-7 классов выделено по 2 часа в неделю, в 8-11 классах - по 1 часу в неделю.

В школах с узбекским/таджикским языками обучения изучение иностранного языка может быть увеличено за счет средств родителей, спонсоров и местного бюджета через предоставление дополнительных образовательных услуг.

Предмет «История» изучается с 5 по 11 классы по 2 часа в неделю. Курсы «История Кыргызстана» и «Мировая история» изучаются последовательно как единый предмет и в классном журнале обозначаются единым названием «История». Учащиеся выпускных 9 и 11 классов сдают государственный экзамен по предмету «История Кыргызстана».

В 2023-2024 учебном году предмет «Человек и общество» вводится в 7 и 8 классы. Следовательно, изучение предмета «Человек и общество» осуществляется с 5 по 11 классы по 1 часу в неделю в соответствии с предметным стандартом, утвержденным приказом Министерства от 19 сентября 2022 г. №1829/1. Обучение проводится по концентрическому принципу, при котором содержательные линии раскрываются в трех контекстах: личностном (сам ученик, его семья, друзья), социальном (местное социальное окружение), глобальном (участие в жизни мирового сообщества).

В соответствии с указом Президента Кыргызской Республики №177 от 7 июня 2022 г. о реализации государственной политики в области религиоведческого образования и повышения религиозной грамотности среди подрастающего поколения на 2023-2024 учебный год в 7-8 классы вводится предмет «История развития религий», на изучение которого выделено по 1 часу в неделю. Преподавание предмета «История развития религий» проводится согласно учебной программе и учебно-методическому комплексу, разработанным в соответствии с предметным стандартом, утвержденным приказом Министерства от 19 сентября 2022 г. №1829/1, теологами и учителями предмета «История», прошедшими проверку в Государственном комитете национальной безопасности Кыргызской Республики и Министерстве внутренних дел Кыргызской Республики.

Предмет «Математика» изучается с 1 по 6 классы, а в 7-11 классах занятия по предметам «Алгебра» и «Геометрия» проводятся раздельно и запись в классном журнале ведется раздельно. Разделение учебных часов по полугодиям по предметам «Алгебра» и «Геометрия» в 7-11 классах позволяет координировать часовую нагрузку на определенные темы образовательных программ по указанным предметам.

Интегрированный предмет «Я и мир» изучается в 1-4 классах по 2 часа в неделю и направлен на формирование взгляда обучающихся начальной школы на мир как единое взаимо-связанное целое, ценностное отношение к миру и жизнедеятельность в системе «природа – общество – человек».

Интегрированный предмет «Естествознание» изучается в 5 классе по 2 часа в неделю согласно предметному стандарту, утвержденному приказом Министерства от 19 сентября 2022 г. №1829/1, и учебной программе. В содержание интегрированного предмета «Естествознание» включены вопросы зеленой экономики, изменения климата и устойчивого развития. Предмет «Естествознание» направлен на формирование естественнонаучной грамотности и является пропедевтикой для следующих предметов основной и старшей школы – биологии, географии, физики, химии и астрономии, а также «Человек и общество» (в плане изучения естественнонаучных основ культуры здоровья и ОБЖ),

Предметы «Биология» и «География» изучаются в 6-9 классах по 2 часа в неделю и в 10-11 классах – по 1 часу в неделю.

Предмет «Физика» изучается в 7-9 классах по 2 часа в неделю, в 10 классе - 3 часа в неделю. В 11 классе предмет «Физика. Астрономия» изучается как интегрированный курс в объеме 3 часа в неделю и в классном журнале обозначается единым названием «Физика. Астрономия».

Изучение предмета «Химия» проводится с 8 по 11 классы с учебной нагрузкой по 2 часа в неделю.

В соответствии с пунктом 3 приложений 1 к постановлению Правительства Кыргызской Республики от 23 июля 2018 года №336 установлено, что «должность «лаборант» вводится при наличии оборудованных лабораторий в 7-11 классах». В случае их отсутствия, его функциональные обязанности возлагаются на учителя соответствующего предмета естественно-научного направления.

Предмет «Информатика» изучается в 5-7, 9 классах в объеме по 1 часу в неделю, в 8 классе – 2 часа в неделю.

Интегрированный предмет «Технология» (труд, черчение и дизайн)» изучается в 5, 6, 8, 9 классах по 1 часу в неделю, в 7 классе – во втором полугодии – 1 час в неделю.

Предмет «Изобразительно-художественное творчество» изучается с 1 по 7 классы: в 1-2 классах отведено по 2 часа в неделю, в 3-6 классах – по 1 часу и в 7 классе – в первом полугодии 1 час в неделю.

Предмет «Музыка» изучается в 1-2 классах по 2 часа в неделю и в 3-7 классах – по 1 часу в неделю. К преподаванию предмета «Музыка» привлекаются учителя, имеющие специальность по музыкальному направлению, в крайнем случае их обязанности возлагаются на учителя начальных классов.

На предмет «Физическая культура» с 1 по 11 классы выделено по 2 часа в неделю.

Для юношей – учащихся 11 классов проводятся учебно-полевые сборы в течение трех дней (18 часов) в апреле-мае за счет часов, отведенных на предмет «Допризывная подготовка», а для девушек – учениц 11 классов – практические занятия по медико-санитарной подготовке (18 часов) в лечебных учреждениях.

При проведении занятий по следующим предметам классы делятся на 2 подгруппы:

- при изучении предмета «Кыргызский язык» в школах с русским, узбекским и таджикским языками обучения, предмета «Русский язык» в школах с кыргызским, узбекским и таджикским языками обучения, а также иностранного языка – при наполняемости в 1-9 классах 30 и более учащихся, в 10-11 классах – при наполняемости 25 и более учащихся;

- по предмету «Информатика» в 5-9 классах с численностью 25 и более учащихся;

- по предмету «Технология» (трудовое обучение, черчение, дизайн) – при наполняемости в 5-9 классах 30 и более учащихся;

- в школах-гимназиях и школах-лицеях по вышеуазанным предметам деление классов на подгруппы осуществляется при следующей наполняемости: классы II ступени 25 и более учащихся, классы III ступени 20 и более учащихся.

Текущий контроль учебных достижений обучающихся проводится с целью проверки уровня освоения содержания общеобразовательной программы (ожидаемых результатов) проводится в виде диагностического, формативного и суммативного оценивания согласно пунктам 52-54 Государственного образовательного стандарта школьного общего образования Кыргызской Республики.

Диагностическое оценивание проводится в начале учебного процесса для определения уровня обучающегося.

Формативное оценивание проводится в классе посредством устного опроса, письменных работ, тестов и наблюдений, при котором обеспечивается непрерывная обратная связь, при котором учитель своевременно корректирует учебный процесс, устраняет возможные пробелы и недочеты обучающихся до проведения суммативного оценивания.

Суммативное оценивание проводится в конце учебного блока/сквозных тем общеобразовательных программ с выставлением итоговых отметок.

Итоговое оценивание проводится в соответствии со школьным календарем (четверть, полугодие, учебный год) и выполняется согласно действующим нормам и критериям.

Воспитательная работа в общеобразовательных организациях, осуществляемая через классные и внеклассные мероприятия, ведется в соответствии с Указом Президента Кыргызской Республики «О духовно-нравственном развитии и физическом воспитании личности» от 29 января 2021 г. №1 и Концепции развития гражданской идентичности Кыргыз жараны в Кыргызской Республике на период 2021-2026 годы», утвержденной Указом Президента Кыргызской Республики от 13 ноября 2020 г. №39.

Организационные мероприятия:

В соответствии с пунктом 26 Государственного образовательного стандарта школьного общего образования Кыргызской Республики для всех общеобразовательных организаций независимо от типов и форм собственности устанавливается пятидневная учебная неделя.

Учитывая, что школы-гимназии и школы-лицеи реализуют компонент «Предметы по выбору» допускается их реализация после учебных занятий или на шестой день недели в случае превышения недельной учебной нагрузки в 30 учебных часов.

В соответствии с пунктами 58 и 59 Государственного образовательного стандарта школьного общего образования Кыргызской Республики в 1-2 классах достижения обучающихся проводится безотметочно, с использованием качественных и описательных способов. С 3 класса начинается введение отметок и возможно использование качественных и описательных способов оценивания.

Реализация в государственных и муниципальных общеобразовательных школах государственного и школьного компонентов Базисного учебного плана финансируются за счет республиканского бюджета.

В школах-гимназиях (5-11 классы) и в школах-лицеях (8-11 классы) школьный компонент и компонент «Предметы по выбору» финансируются за счет ставок, предусмотренных для руководителей кружков согласно постановлению Правительства Кыргызской Республики от 23 июля 2018 года №336. Указанным постановлением установлено, что «в сметах школ-лицеев (с 8 по 11 классы), школ-гимназий (с 5 по 11 классы) при наличии соответствующих условий и соблюдении санитарно-гигиенических требований дополнительно выделяется на каждый класс-комплект для организации кружков, клубов, студий, объединений - по одной ставке руководителя кружка; для оплаты отдельных лекций, циклов, курсов на основе договора со специалистами высшей квалификации в лицейских классах – не более 0,5 ставки руководителя кружка».

Общеобразовательные организации вправе оказывать дополнительные платные образовательные услуги обучающимся в углубленном изучении предметов сверх базисного плана за счет родителей, спонсоров и местного бюджета. Прейскурант цен дополнительных платных образовательных услуг ежегодно утверждается приказом Министерства согласно постановлению Правительства Кыргызской Республики от 20 сентября 2011 г. №563 «О переводе общеобразовательных организаций Кыргызской Республики на подушевой принцип финансирования».

Количество штатных единиц (ставок) общеобразовательных организаций зависит от численности их обучающихся согласно постановлению Правительства Кыргызской Республики от 23 июля 2018 года №336 «Об утверждении примерных типовых штатов образовательных организаций».

Информация о сроках начала и завершения 2023-2024 учебного года в общеобразовательных организациях всех видов и форм собственности, а также график школьных каникул на 2023-2024 учебный год будет предоставлена дополнительно.

Продолжительность урока в 1 классе составляет 40 минут, во 2-11 классах – по 45 минут.

При организации учебно-воспитательного процесса необходимо соблюдать следующие санитарно-эпидемиологические требования к условиям и организации обучения в общеобразовательных организациях», утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республики от 11 апреля 2016 года № 201 (раздел 11):

- учебные занятия начинаются не ранее 8.00 часов;

- в общеобразовательных школах, обучающихся в две смены, обучение 1, 5, 9, 11 классов и классов компенсирующего обучения должно быть организовано в первую смену;

- объем домашних заданий по всем предметам должен быть таким, чтобы затраты времени на его выполнение не превышали (в астрономических часах): во 2-3 классах – 1,5 часа, в 4-5 классах – 2 часа, в 6-8 классах – 2,5 часа, в 9-11 классах – до 3,5 часов.

- расписание занятий в общеобразовательных организациях составляется в соответствии с пунктами 164-169 приложения №6 «Санитарно-эпидемиологические требования к условиям и организации обучения в общеобразовательных организациях» к постановлению Правительства Кыргызской Республики от 11 апреля 2016 года №201.

Привлечение учащихся на сельскохозяйственные работы во время учебного процесса запрещается.

Учебные планы государственных/муниципальных общеобразовательных организаций, разработанные на основе Базисных учебных планов на 2023-2024 учебный год, проходят согласование в соответствующих районных/городских отделах образования.

Учебные планы негосударственных общеобразовательных организаций, общеобразовательных организаций республиканского подчинения и общеобразовательных организаций при профессиональных учебных организациях, разработанные на основе Базисных учебных планов на 2023-2024 учебный год, проходят согласование в Министерстве до 25 августа 2023 года.

Тиркеме
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 1-августу, №4807/1 буйругу менен бекитилди

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕР ҮЧҮН (кыргыз тилинде окутуучу)

Билим берүү тармагы	Окуу предмети	Класстар боюнча базистик вариант										
		1	2	3	4	5	6	7	8	9	10	11
Филологиялык	Кыргыз тили жана адабий окуу	6	7	7	7							
	Кыргыз тили					4	4	3	2	2	2	3
	Кыргыз адабияты					2	2	2	2	3	3	3
	Орус тили жана окуу	3	3	3	3							
	Орус тили					2	2	2	1	1	2	2
	Орус адабияты					1	1	2	1	2	2	2
	Чет тили			2	2	3	3	2	2	2	2	2
Социалдык	Тарых					2	2	2	2	2	2	2
	Адам жана коом (финансылык жана салык сабаттуулукту камтуу менен)					1	1	1	1	1	1	1
	Диндердин өнүгүү тарыхы							1	1	1		
Математикалык	Математика	4	5	5	5	4	4					
	Алгебра							3/2	3/2	3/3	3/2	3/3
	Геометрия							1/2	1/2	1/1	1/2	1/1
Табигый-илимий	Мен жана дүйнө. Табият таануу	2	2	2	2	2						
	Биология						2	2	2	2	1	1
	География						2	2	2	2	1	1
	Физика. Астрономия							2	2	2	3	3
	Химия								2	2	2	2
Искусство жана технология	Информатика					1	1	1	2	1		
	Технология (эмгек, чийме жана дизайн)					1	1	0/1	1	1		
	Көркөм өнөр	2	2	1	1	1	1	1/0				
	Музыка	2	2	1	1	1	1	1				
Ден соолук маданияты	Дене тарбия	2	2	2	2	2	2	2	2	2	2	2
	Аскерге чейинки даярдык										2	2
Мамлекеттик компонент		**21**	**23**	**23**	**23**	**27**	**29**	**30**	**29**	**30**	**29**	**30**
Мектептик компонент						**1**			**1**		**1**	
Жумалык окуу жүктөмү		**21**	**23**	**23**	**23**	**28**	**29**	**30**	**30**	**30**	**30**	**30**

ДЛЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ШКОЛ (с русским языком обучения)

Образовательная область	Учебный предмет	Базисный вариант по классам										
		1	2	3	4	5	6	7	8	9	10	11
Филологическая	Кыргызский язык и чтение	3	3	3	3							
	Кыргызский язык					2	2	3	2	3	3	4
	Кыргызская литература					1	1	1	1	1	1	1
	Русский язык и чтение	6	7	7	7							
	Русский язык					4	4	3	2	2	2	2
	Русская литература					2	2	2	2	2	3	3
	Иностранный язык			2	2	3	3	2	2	2	2	2
Социальная	История					2	2	2	2	2	2	2
	Человек и общество (с учетом финансовой и налоговой грамотности)					1	1	1	1	1	1	1
	История развития религий							1	1	1		
Математическая	Математика	4	5	5	5	4	4					
	Алгебра							3/2	3/2	3/3	3/2	3/3
	Геометрия							1/2	1/2	1/1	1/2	1/1
Естественно-научная	Я и мир. Естествознание	2	2	2	2	2						
	Биология						2	2	2	2	1	1
	География						2	2	2	2	1	1
	Физика. Астрономия							2	2	2	3	3
	Химия								2	2	2	2
